# Кумурсканын уюгу



Автор: Заря Мамбетова

Сүрөтчү: Назик Придинова

# Кумурсканын уюгу

Автор: Заря Мамбетова
Сүрөтчү: Назик Придинова

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Кумурсканын уюгу" (кыргыз тилинде), автор Заря Мамбетова, сүрөтчү Назик Придинова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Жер бетинде кыбыраган сансыз кумурскаларды көрүп эле жүрөбүз. Алар уюгуна азык ташып, керээли-кечке жаны тынбайт. Кумурсканын уюгу – кичинекей эле бир дөбөчө. Бирок анын ичинде миңдеген кумурскалар жашайт. Ал эми уюктун ичи кандай болду экен?



Жаш кумурскалар өзүнчө бир бөлмөдө – бала бакчада багылат. Аларды тарбиячы кумурска карайт. Бир күнү бала кумурскаларды уюктун ичин көрсөтүүгө алып чыкты. Бул күн балдар үчүн чоң окуя болду. Себеби алар сыртка чыга элек болчу. Аларга баары кызык көрүндү.

Уюктун ичи көп кабаттуу үйгө окшош экен. Бала кумурскалар кабаттан кабатка чыгып, ийри-буйру жолдордо бара жатышты.



Алар баарына таңыркай карашып, жарыша суроо берип жатышты.

– Ай-ий, мына бул жолдорду ким салган?

– Жумушчу кумурскалар салган.

– Ушунун баарын кантип курушту?

– Жумушчу кумурскалар абдан эмгекчил болушат, тыным албай иштешет. Жол гана эмес, жаңы бөлмөлөрдү да курушат, уюкту оңдоп, тазалашат. Уюкта ар түрдүү бөлмөлөр бар. Мисалы, уктоочу бөлмө, балдар бөлмөсү, тамак-аш сактаган кампа жана башкалар.

Уюктун ичинде жумушчу кумурскалар чуркап кызмат кылып жүрүшөт. Тигине, эки кумурска өзүнөн чоң куртту сүйрөп бара жатат. Дагы бирөө жалбыракты кампага алып кирди. Иш абдан кызуу жүрүүдө.

– Булар эмне кылып жатышат?

– Биз курт, коңуз жана да өлгөн жандыктарды жеп, жер бетин тазалайбыз. Ушинтип жаратылышка чоң пайда келтиребиз. Тээ тигил кумурскалар сырттан курт, жалбырак, дан ташып келишет. Аны уюктагы жумушчулар кампага ташып киргизишет.

Азыктын баарын өз-өзүнчө бөлүштүрүлөт. Мына бул кампада дан бар, дагы бир кампага курт, коңуз денелери коюлат.

Жалбыракты майдалап, кампага топтой беришет. Кампадагы азыкка өзүнөн кычкыл суюктук чыгарып, бүркүп коюшат. Ошондуктан азыктар көпкө чейин бузулбай турат.

Кумурска балдар кампада азыктын көптүгүнө аябай кубанышты:

– Ураа! Тамак көп турбайбы, – деп секирип, буттарын тарбаңдатышты.

Тамак кайдан келерин алар билишчү эмес эле.




Андан ары жүрүп отуруп, уюктун ылдый жагына келишти.

– Бул жерде биз кышкы суукта чогулуп уктайбыз. Күн жылыганда кайра жогорку кабатка жөнөйбүз, – деди тарбиячы.

– Ой-ий, анда кышында үшүбөйт экенбиз да!

– Ооба, жылуу жатабыз.





Алар кайра жогору чыгып, Эне кумурсканын бөлмөсүнө келишти.

Эне кумурсканын денеси чоңураак келип, канаты байкалып турду.

– Эне кумурска уюктан чыкпайт, ал жумуртка тууйт.  Кумурсканын баары жумурткадан чыгат, – деди тарбиячы.



Эне кумурска балдарды бир сыйра жыттап, сылап койду.

– Келгиле, балдарым, силер эми чоңоюп калдыңар. Уюктагы жашоо тартибин айтып берейин, биле жүргүлө, – деди  Эне кумурска мээрим төгө. – Бул жерде баары мага тегиз баш ийип турушат. Биз жалкоолукту абдан жек көрөбүз. Уюкта тартип да катуу.  Ар бир кумурска өз ишин так аткарууга тийиш.



– Алар кантип  баарын айттырбай эле билип турушат?

– Биз абдан сезгич жаралган жанбыз. Мурутубуз менен эле баарын сезип, билип коёбуз. Ак ниет иштейбиз, тапкан тамагыбызды чогуу жейбиз. Бизде тартип гана эмес, ынтымак да бар. Балдарым, силер да ушул сапатты ар дайым сактагыла.

Эне кумурсканын айткандары бала кумурскалар үчүн абдан кызыктуу болду.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Заря Мамбетова
Сүрөтчү: Назик Придинова



USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли